Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил жана тил саясаты боюнча улуттук комиссиянын сыйлыктары жөнүндө ЖОБО

1-тиркеме

Кыргыз Республикасынын Президентине

караштуу Мамлекеттик тил боюнча

улуттук комиссиянын төрагасынын

2018-жылдын «_05_» __09__№_152_

буйругу менен бекитилген

**Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын сыйлыктары жөнүндө**

**ЖОБО**

## I. Жалпы жоболор

1. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын сыйлыктары жөнүндө ушул жобо Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын сыйлыктарынын түрүн, алардын укуктук статусун, ошондой эле сыйлыктарга көрсөтүүнүн жана сыйлоонун тартибин аныктайт.

Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын сыйлыктары Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын (мындан ары – Улуттук комиссия) мамлекеттик жана муниципалдык органдардын кызматчыларын, менчигинин түрүнө карабастан ар кандай мекеме, уюм, ишканалардын кызматкерлерин, Кыргыз Республикасынын жарандарын жана чет элдик жарандарды сыйлоонун жана Кыргыз

Республикасынын мамлекеттик тилинин өнүгүүсүнө кошкон олуттуу жеке салымын таануунун белгиси болуп эсептелет.

2. Айрым учурларда мамлекеттик тилдин өнүгүшүнө жигердүү колдоо көрсөткөндүгү үчүн мекеме жана уюмдар дагы сыйланышы мүмкүн.
3. Улуттук комиссиянын сыйлыктары болуп Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасынын Алкышы, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын Ардак грамотасы, Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын «Кыргыз тили» төш белгиси саналат.

## II. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасынын Алкышы

4. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасынын Алкышы (мындан ары – Алкыш) мамлекеттик тилдин өнүгүшүнө кошкон салымдары үчүн жарандардын сиңирген эмгегин баалоонун белгиси болуп эсептелинет.
5. Алкыш жарыялоо жөнүндө сунуштамалар Улуттук комиссиянын төрагасы тарабынан жеке каралат.
6. Алкыш менен мамлекеттик тилдин ролунун жогорулашына үлгү көрсөткөн жарандар сыйланат.

## III. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын Ардак грамотасы

7. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын Ардак грамотасы (мындан ары – Ардак грамота) менен:

– мамлекеттик тилди өнүктүрүү жана өркүндөтүү боюнча ийгиликтерди жараткандыгы үчүн;

– мамлекеттик тил саясатын жайылтууга кошкон салымдары үчүн сыйланат.

8. Ардак грамота менен сыйлоо жөнүндө сунуштамалар Улуттук комиссиянын Сыйлыктар боюнча комиссиясы (мындан ары – Комиссия) тарабынан каралат.

## VI. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын «Кыргыз тили» төш белгиси

9. Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын «Кыргыз тили» төш белгиси (мындан ары – Төш белги) менен:

– мамлекеттик тилди өнүктүрүүгө көп жылдык эмгегин жумшаганы жана кыргыз тилинин дөөлөттөрүн калыптандырууда жана өнүктүрүүдө эбегейсиз салым кошкону үчүн;

– мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча иш-чараларды, демилгелерди ишке ашыргандыгы үчүн сыйланат.

10. Төш белгиге белгиленген үлгүдөгү күбөлүк берилет. Төш белги көкүрөктүн сол тарабына тагылат жана сыйланган адамдын мамлекеттик сыйлыктары болсо, ал сыйлыктардын белгилеринен кийин жайгашат.
11. Төш белги менен сыйлоо жөнүндө сунуштамалар Комиссия тарабынан каралат.

## VI.Сыйлоого сунуштоо тартиби

Ардак грамота, Төш белги менен сыйлоо жөнүндө сунуш Улуттук комиссияга келип түшкөн сунуштамалардын негизинде Комиссиянын жыйынында каралып, Улуттук комиссиянын төрагасынын кароосуна киргизилет.

12. Жарандарды сыйлоо боюнча сунуштамаларга милдеттүү түрдө сыйлоо барагы, паспорттун көчүрмөсү, таржымал, өмүр баян тиркелиши керек.

Сунуштамалар сөзсүз түрдө мамлекеттик жана муниципалдык органдардан, ишканалардан, мекемелерден, коомдук уюмдардан, бирикмелерден, фонддордон ж. б. юридикалык жактардан болууга тийиш.

14. Мамлекеттик тилдин өнүгүшүнө жигердүү колдоо көрсөткөн мекемелерге жана уюмдарга сыйлык ыйгаруу Улуттук комиссия тарабынан жүргүзүлгөн мониторингдин негизинде Комиссиянын жыйынында каралат жана сунуш Улуттук комиссиянын төрагасынын кароосуна киргизилет.
15. Комиссия Улуттук комиссиянын аппаратынын жооптуу кызматкерлеринин ичинен дайындалат.

Комиссия Улуттук комиссиянын аппаратынын беш мүчөсүнөн турган курамда бекитилет.

Улуттук комиссиянын төрагасы Комиссиянын мүчөлөрүн алмаштырууга укуктуу.

16. Комиссия өзүнүн ишмердүүлүгүндө Кыргыз Республикасынын Конституциясын, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын, жана ушул Жобону жетекчиликке алат.
17. Комиссия төмөнкү функцияларды жүзөгө ашырат:

– сунуштамаларды карайт, баалоо жүргүзөт жана Улуттук комиссиянын төрагасына сунуш киргизет;

– сыйлоо мүмкүнчүлүгү жөнүндө корутунду берет.

18. Комиссия кошумча материалдарды жана документтерди суратып алууга жана таанышууга укуктуу.
19. Жыйынды Комиссиянын төрагасы, ал жок мезгилде Комиссиянын төрагасынын орун басары алып барат.
20. Комиссиянын жыйыны зарылчылыгына жараша өткөрүлөт.
21. Комиссиянын жыйыны, анын үчтөн эки мүчөсү катышса, укуктуу деп эсептелет.
22. Комиссиянын чечими анын курамынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынышы керек. Зарыл болгон учурларда Комиссиянын чечими сурамжылоо тартибинде кабыл алынышы мүмкүн, мындай учурда Комиссиянын мүчөлөрүнөн 7 күндүк мөөнөттө жазуу жүзүндө ырастоо талап кылынат.
23. Комиссиянын чечими протокол менен таризделет, ага Комиссиянын төрагасынын, ал жок учурда Комиссиянын төрагасынын орун басарынын жана катчысынын колдору коюлат.
24. Сыйлоо материалдары Комиссиянын жыйынына чейин 10 күн мурда сунушталууга тийиш.
25. Комиссиянын жыйынына материалдарды Комиссиянын катчысы даярдайт.

## VI. Сыйлоого көрсөтүүгө сунушталгандарга карата талаптар

26. Алкыш, Ардак грамота жана Төш белги менен Кыргыз Республикасынын жарандары, чет элдик жарандар сыйланышат, ал эми мекемелер жана уюмдар Ардак грамота менен сыйланууга көрсөтүлөт.
27. Жарандарга Алкыш жарыялоодо сунуштамаларга паспорттун көчүрмөсү, таржымал, өмүр баян;

Ардак грамота менен сыйлоодо сыйлоо барагы, паспорттун көчүрмөсү, таржымал, өмүр баян;

Төш белги менен сыйлоодо Ардак грамотанын көчүрмөсү, сыйлоо барагы, паспорттун көчүрмөсү, таржымал, өмүр баян милдеттүү түрдө тиркелиши керек.

28. Төш белги менен сыйлануу үчүн мурда Ардак грамота сыйлыгына ээ болуу шарт. Өзгөчө учурларда эң жигердүү салым кошкону үчүн Комиссиянын чыгырган корутундусунун негизинде айрым жарандар түздөн-түз Төш белги менен сыйлана алат.
29. Ардак грамота жана Төш белги менен сыйлоо жыл сайын эки жолу – Эл аралык эне тил күнүндө жана Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тил күнүндө жүргүзүлөт. Комиссиянын корутундусунун негизинде башка салтанаттуу даталарда да сыйлыктар тапшырылышы мүмкүн.

Улуттук комиссиянын төрагасынын Алкышын жарыялоого чек коюлбайт.

## VII. Сыйлоо тартиби

30. Алкыш, Ардак грамота жана Төш белги Улуттук комиссиянын төрагасынын буйругу менен жарыяланат.
31. Сыйлыктар Улуттук комиссиянын төрагасы же анын орун басары тарабынан, ошондой эле жетекчиликтин тапшырмасы менен аппараттын жооптуу кызматкерлери тарабынан салтанаттуу кырдаалда тапшырылат.

## VIII. Корутунду жоболор

32. Улуттук комиссиянын сыйлыктары ыйгарылган жарандар боюнча маалымат каттоого алынууга тийиш. Анда сыйланган кызматкердин фамилиясы, аты, атасынын аты, иштеген жери, ээлеген кызматы, эмгек стажы, сыйлоонун негизи жана датасы көрсөтүлөт.
33. Улуттук комиссиянын сыйлыктары менен сыйлоо жөнүндө маалымат Улуттук комиссиянын расмий сайтына жарыяланат.
34. Алкыштын жана Ардак грамотанын бланктарынын (1–2-тиркеме), Төш белгинин, анын күбөлүгүнүн (3-4-тиркеме) үлгүлөрүнүн сүрөттөлүштөрү Улуттук комиссиянын төрагасынын буйругу менен бекитилет.
35. Ушул Жобого өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү Улуттук комиссиянын төрагасы же практикалык иштин жыйынтыгы боюнча Комиссия тарабынан демилгеленет.

Жобого өзгөртүүлөр жана толуктоолор Улуттук комиссиянын төрагасынын буйругу менен киргизилет.

**СЫЙЛОО БАРАГЫ**

1. Сыйлана турган адамдын аты жөнү ________________________________________

______________________________________________________________________

2. Кызматы, иштеген орду.__________________________________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

3. Туулган жылы, айы____________________________________________________
4. Билими: (кайсы окуу жайын, качан бүтүргөн) __________________________

______________________________________________________________________

______________________________________________________________________

5. Илимий даражасы:______________________________________________________

6. Жалпы иш жылдары:____________________________________________________
7. Мамлекеттик кызматтагы иш жылдары:___________________________________
8. Азыркы иштеген мекемедеги иш жылдары:________________________________

______________________________________________________________________

9. ____________________________________________________________________

(сыйлыктын түрү)

__________________________________________сунуштоо чечими кабыл алынды

______________________________№ протоколу_______________________________

(протоколдун №, датасы)

**Профсоюздук уюмдун жетекчиси:**____________________ м.о ____________________

(кол тамгасы) (аты-жөнү)

**“Макулдашылды”**

Жетекчи:________________ ______________________ ________________________

(кызматы) (кол белгиси) (аты жөнү)

“____” ______________ 2021-ж